УДК 94(575.2):398.22

***Айнур Сатинди, Абдыбекова С.О.,***
*КР Агартуу министрлигинин алдындагы Республикалык педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо институту*

# “МАНАС” ЭПОСУНУН ДҮЙНӨЛҮК МУРАС КАТАРЫ ИЗИЛДЕНИШИ

***Айнур Сатинди, Абдыбекова С.О.,***
*Республиканский институт повышения квалификации и переподготовки педагогических работников при Министерстве образования Кыргызской Республики*

# ИССЛЕДОВАНИЕ ЭПОСА «МАНАС» КАК МИРОВОГО НАСЛЕДИЯ

***Ainur Satindi, Abdybekova S.O.,***
*Republican Institute for Advanced Training and Retraining of Pedagogical Workers under the Ministry of Education of the Kyrgyz Republic*

# THE STUDY OF THE "MANAS" EPIC AS A GLOBAL HERITAGE

**Аннотация:** Эпостун жазма тарыхы эң алгачкы «Мажму ат таварих» кол жазмасынан тартып, Ч. Валиханов, В. Радлов сыяктуу илимпоздордун алгачкы кадамдары менен изилдөө багыттарына бөлүнөт. Макалада «Манас» илиминин өнүгүшүнө жана аны дүйнөгө таанытууга зор салым кошкон эл аралык окумуштуулардын эмгектери кеңири талданат. Эпосту изилдөөнүн негизги багыттары, анын ичинде кыргыз маданиятын, тилин, диний ишенимдерин жана эстетикалык өзгөчөлүктөрүн иликтөө маселелери талданат. Илимий эмгекте эл аралык манас таануучулар: Ху Чжэнхуанын макалалары, Лаң Йиңдин 9 баптан турган системалуу китеби менен «Манаска жоромол» аттуу изилдөөсү, ошондой эле германиялык профессор Карл Райхлдын Жусуп Мамайдын вариантынан үзүндүлөрдү англис жана немис тилдерине которуудагы салымы каралат. Андан сырткары, эпос боюнча өткөн ири эл аралык илимий жыйындар жана ЮНЕСКО тарабынан белгиленген 1000 жылдык мааракеси тууралуу маалыматтар камтылган.
***Түйүндүү сөздөр:*** *«Манас» эпосу, манас таануу, дүйнөлүк мурас, манасчы, Жусуп Мамай, илимий изилдөө, Чокон Валиханов, Василий Радлов, Ху Чжэнхуа, Лаң Йиң, Карл Райхл, кыргыз маданияты, мурас.*
**Аннотация:** Письменная история эпоса, начиная с самой ранней рукописи «Мажму ат-Таварих» и первых шагов таких учёных, как Ч. Валиханов и В. Радлов, разделяется на направления исследований. Также в статье подробно анализируются труды международных учёных, внёсших огромный вклад в развитие манасоведения и его популяризацию в мире. Анализируются шесть основных направлений исследования эпоса, включая вопросы изучения кыргызской культуры, языка, религиозных верований и эстетических особенностей. В научной работе рассматривается вклад международных манасоведов: статьи Ху Чжэнхуа, систематический труд Лан Ин, состоящий из девяти глав, и её исследование под названием «Толкование "Манаса"», а также вклад немецкого профессора Карла Райхля в перевод отрывков из варианта Жусупа Мамая на английский и немецкий языки. Кроме того, содержатся сведения о крупных международных научных конференциях, посвящённых эпосу, и праздновании его 1000-летия, отмеченного ЮНЕСКО.
***Ключевые слова:*** *эпос «Манас», манасоведение, мировое наследие, манасчи, Жусуп Мамай, научное исследование, Чокан Валиханов, Василий Радлов, Ху Чжэнхуа, Лан Ин, Карл Райхль, кыргызская культура, наследие.*
**Abstract:** The written history of the epic, starting from the earliest manuscript "Majmu at-Tawarikh" and the initial steps of such scholars as Ch. Valikhanov and V. Radlov, is divided into research directions. In addition, the article provides a comprehensive analysis of the works of international scholars who made a significant contribution to the development of Manas studies and its global promotion. The six main directions of studying the epic are analyzed, including the issues of investigating Kyrgyz culture, language, religious beliefs, and aesthetic features. The scholarly work examines the contributions of international Manas researchers: Hu Zhenhua's articles, Lang Ying's systematic 9-chapter book and her study titled "Interpretation of Manas", as well as German professor Karl Reichl's contribution to translating excerpts from Jusup Mamai's variant into English and German. Furthermore, it contains information about major international scientific conferences held on the epic and its 1000th anniversary designated by UNESCO.
***Keywords:*** *"Manas" epic, Manas studies, global heritage, manaschi, Jusup Mamai, scientific research, Chokan Valikhanov, Vasily Radlov, Hu Zhenhua, Lang Ying, Karl Reichl, Kyrgyz culture, heritage.*

«Манас» эпосун эл ичинен жыйноо, жазуу жүзүнө өткөрүү жана басып чыгаруу аракеттери чыгарманын пайда болгон мезгилине караганда кыйла кечирээк колго алынган. Алгач бул мурасты жыйноо иши манасчылардын өздөрүнө гана таандык милдет катары кабыл алынып, алар өнөр үйрөнүү ниетинде өздөрүнөн мурунку устаттарды тыңдап, эс тутумуна сактап, кийинки муундарга оозеки түрдө өткөрүп келишкен. «Манас» эпосунун катталган таржымалы манас таануу багытында бир нече доорлорго бөлүнөт. Алардын эң алгачкысы катары «Орхон-Энесай таш жазууларындагы» эпостун мазмунуна окшош саптар көрсөтүлөт. Ал жерде дал өзү болбосо да, кыргыз элинин фольклордук салтынын издери ошол таштагы жазууларда камтылган деген пикирлер да кездешет [5].

DOI:10.34855/elagartuu2026.4-5

«Манас» эпосу тууралуу кагаз бетине түшүрүлгөн эң алгачкы булак катары «Мажму ат-таварих» эмгеги таанылат. Бул чыгарманын автору ферганалык Сейф ад-Дин Аксыкенди кол жазма толук аягына чыкканга чейин дүйнөдөн кайткандыктан, анын ишин уулу Нооруз Мухаммед улантып, биздин күндөргө жеткирген. Болжол менен 1503–1514-жылдарга таандык делген бул китепте Манас баатырдын эрдиктери жана эпостун сюжеттери орун алган. Өзгөчө көңүл бура турган жагдай, анда башкы каармандын Жолой менен болгон кармашы, ошондой эле Жакып тууралуу маалыматтар да камтылган. Дал ушул себептен, аталган кол жазма «Манас» эпосунун тарыхтагы эң биринчи жазуу жүзүндөгү варианты катары кабыл алынып келет [4].

Эпосту изилдөөдөгү кезектеги тарыхый кадам Чокон Валихановдун ысымы менен тыгыз байланыштуу. Ал 1856-жылы кыргыз аймагына жасаган сапарында эпостун белгилүү «Көкөтөйдүн ашы» бөлүмүнөн жалпысынан 3320 сапты кагазга түшүргөн. Бул баалуу материалдын 910 саптан турган котормосу кийинчерээк, тактап айтканда, 1904-жылы Санкт-Петербург шаарында жарык көргөн.

Андан соң «Манасты» системалуу түрдө жазуу ишин В.В.Радлов уланткан. Ал 1862-жылы Текес аймагындагы бугу уруусунун өкүлдөрүнөн, ал эми 1869-жылы Ысык-Көл өрөөнүндөгү сарыбагыш жана солто урууларынан эпостун үчилтигинин негизги сюжеттерин жазып алган. Эпостон сырткары, изилдөөчү «Эр Төштүк» дастанын жана кыргыздардын салттуу кошокторун да топтогон. Радлов «Манас» боюнча жалпысынан 11376 сапты кагазга бекиткен. Бул көлөмдүн ичинен «Манас» бөлүмүнө 9449 сап, «Семетейге» 1421 сап, ал эми «Сейтекке» 506 сап туура келет. Бул материалдар 1885-жылы «Түндүк түрк урууларынын элдик адабиятынын үлгүлөрү» аттуу эмгекти камтыган жыйнактын 5-томунда басылып чыккан [2, 46].

Венгр окумуштуусу Г.Ф.Алмаши 1900-жылы кыргыз жергесине келип жүргөн кезде “Манастан” үзүндү жазып алган, ал 1911-жылдары жарыяланган жана кыргыздарды, “Манасты” тааныштырып макала жазган.
Орус сүрөтчүсү Б.В.Смирнов 1903-1904-жылдары кыргыз жергесинде болгон кезде “Семетейдин” кыска окуясын кара сөз иретинде жазып алып, 1914-жылы Москвада жарык көргөн [1]. Жогоруда аталган аракеттер «Манас» эпосун кагазга түшүрүү, чогултуу жана дүйнө коомчулугуна таанытуу багытындагы алгачкы практикалык кадамдардан болгон. Ал эми эпосту атайын пландуу түрдө тутумдуу жыйноо жана жазуу иши 1920-жылдардан кийин гана жандана баштаган.

«Манас» эпосун өзүнчө фундаменталдуу илим катары изилдөө салты Чокон Валиханов менен В.В.Радловдун эмгектеринен башат алат. Дал ушул окумуштуулар дастанга биринчилерден болуп илимий мүнөздөмө берип, анын өзгөчөлүктөрүн аныкташкан. Ошондон кийин гана эпосту изилдөө жана пропагандалоо негизинен төмөнкүдөй багыттарда жүргүзүлгөн:

1) Пропагандалоо жана таанытуу багытындагы изилдөөлөр: Дастан чексиз океан сыяктуу зор көлөмгө ээ болгондуктан, анын мазмунун жалпы журтчулукка жана чет өлкөлөргө жайылтуу, таанытуу башкы максат болгон. Ошол себептүү мындай изилдөөлөрдүн колго алынышы мезгил талабы зарыл кылган иш эле.

2) Эпостун маңызына илимий аныктама берүү: Ушул багыттагы изилдөөлөрдүн натыйжасында «Манаска» карата «кыргыз элинин энциклопедиясы», «улуттук рухтун туу чокусу» жана «улуу баатырдык дастан» деген бийик баалар берилип, ал дүйнөлүк шедеврлердин катарында эң алдыңкы орунга чыгууга жетишти.

3) Эпостун жаралуу мезгилин аныктоо: Бул илимий багыттын негизги максаты — эпостун сюжеттери аркылуу кыргыз элинин байыркы тарыхынын издерин кууп, өткөн жолду баяндоо болуп саналат.

4) Эпостун негизинде кыргыз маданиятын иликтөө: Мындай изилдөөлөрдүн мааниси өтө терең болуп, «байыркы мурасты азыркы доор үчүн кызмат кылдыруу» идеясынын алкагында «Кыргыз таануу» илими үчүн «Манас» башкы аргументке айланды. Алсак, улуттук тарыхты баалоодо алгач ушул эпостун сюжеттерине шилтеме берүү, андан накыл сөздөрдү келтирүү, ошондой эле кыргыздардын кол өнөрчүлүгүн, турак-жайын (боз үйүн), кийим-кечегин, улуттук ашканасын сөз кылганда «Манастын» материалдарын айкын далил катары тартуу салтка айланды. Мындан сырткары, эне тилибиздин тарыхын жана кеп маданиятын изилдөөдө да бул эпос эбегейсиз илимий көрөңгү (база) болуп берди. Мунун баары эпос аркылуу улуттук маданиятты таанып-билүүнүн үзүрү болуп саналат.

5) Элдин дүйнө таанымын жана философиясын изилдөө: Кыргыз элинин аң-сезимин, кыялын, жашоо тиричиликке жана айлана-чөйрөгө болгон көз караштарын дастандан издеп, иликтөө жумуштары да алгачкы кезден эле жандана баштаган. Өзгөчө, элдин диний ишенимдерин жана эпостогу акылмандык философиясын талдоо зор илимий натыйжаларды берүүдө.

6) Салыштырмалуу манастаануу: «Манас» менен дүйнөлүк деңгээлдеги башка баатырдык дастандарды салыштырып, алардын көлөмүн, композициялык курулушун жана сюжеттик окшоштуктарын изилдеген олуттуу эмгектер жарык көрдү.

7) Илимий симпозиумдар жана талкуулар: Эпостун айланасында көптөгөн илимий форумдар уюштурулуп, манастаануу илиминин масштабы кеңейди. Бул багыттагы эң ири жыйындарды атап өтсөк: - 1952-жылдын 6–10-июнунда Кыргызстанда «Манас» эпосуна арналган алгачкы ири илимий конференция өтүп, ага 400дөн ашуун окумуштуу катышкан. 1990-жылы Кытай Эл Республикасында (Жуңгодо) жалпы мамлекеттик деңгээлдеги илимий жыйын уюштурулуп, ага 100дөн ашык адис катышкан. 1994-жылы Үрүмчү шаарында «Манас» боюнча эл аралык чоң симпозиум өтүп, анда дүйнөнүн ондон ашык өлкөсүнөн келген 80ден ашуун илимпоз баш кошкон. 1995-жылы Бириккен Улуттар Уюмунун чечими менен «Манас жылы» деп жарыяланып, Кыргызстанда эпостун 1000 жылдык улуу мааракеси эл аралык деңгээлде майрамдалган. Бул окуяга байланыштуу ондогон илимий макалалардын жыйнактары жарык көрүп, «Манасты» изилдөө иши дагы бир жолу дүйнөлүк аренага жол алган.

8) Изилдөөчүлөр мектебинин калыптанышы: XIX кылымдын аягында эпосту иликтөөгө алгачкы жол ачылгандан бери, бүгүнкү күнгө чейин «Манасты» изилдеген окумуштуулардын өзүнчө бир кубаттуу илимий кошууну (мектеби) калыптанып, өз ишмердүүлүгүн ийгиликтүү улантып келет [2].

Бүгүнкү күндө да «Манас» эпосун дүйнөнүн ар кайсы мамлекеттеринде иликтеген окумуштуулардын катары суюлган жок. Буга мисал катары кытайлык заманбап түрколог, белгилүү кыргыз таануучу жана манас таануучу, профессор, «Манас» орденинин ээси, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын ардактуу академиги Мухаммед Ху Чжэнхуа (ханзуча: 胡振华; англисче: Muhammed Hu Zhenhua) мырзаны атасак болот. Профессор Ху Чжэнхуа кыргыз калкынын улуу мурасы «Манасты», башка элдик дастандарды, каада-салттарды жана эне тилибиздин өзгөчөлүктөрүн үзгүлтүксүз изилдеп келе жаткан илимпоз. Ал кытайлык кыргыздардын залкар манасчысы Жусуп Мамайдын өнөрүн Кытай коомчулугуна жана эл аралык аренага жайылтууда эбегейсиз эмгек сиңирген. Иликтөөчүнүн «маданий ыңкылаптан» кийинки мезгилде жарык көргөн «Жүсүп Мамай жана "Манас"» («Жуңго курулушу», (араб арибинде). - 1979-жыл, 10-сан), «Баалуу адабият мурасы - "Манас"» («Эл гезити», 1984-жыл, 21-февралдагы саны), «Кыргыздардын баатырдык эпосу "Манас"» («Энциклопедиялык билим», 1987-жыл, 12-сан), «Чет элдерде "Манас" эпосунун изилденүү абалы» («Аз сандуу улуттардын көркөм өнөрү», 1982-жылкы басылышы), «Шинжаң кыргыздарынын "Манас" эпосу жөнүндө баян» (француз тилиндеги «Түркология» журналы, 1984-жыл, 21-саны), «Чет элдердеги манасчыларды тааныштыруу» («Улуттук адабият изилдөөсү», 1986-жыл, 3-сан) сыяктуу илимий эмгектери «Ху Лаошинин» негизги изилдөө багыты дал ушул кыргыз таануу жана манастаануу илимдери экенин айкын далилдейт [7].

Манастаануу илиминин өнүгүшүнө баалуу салым кошкон Лаң Йиң айымдын изилдөөлөрүн да өзгөчө белгилеп өтүү абзел. Анын «Жуңго (Кытай) аз сандуу улуттарынын баатырдык эпосу "Манас"» аттуу эмгеги ушул багыттагы алгачкы фундаменталдуу эмгектеринин бири болуп саналат. Бул баалуу чыгарма өлкөнүн көрүнүктүү фольклор таануучусу Лыйу Куйлы тарабынан иретке келтирилген «Жуңгонун эл маданияты желелеш жыйнагына» камтылып, Жыйе Жаң агартуу басмасы тарабынан жарыкка чыгарылган. Жалпы көлөмү 117 миң белгини (катты) камтыган бул китеп алгач 1990-жылдын август айында басылып, кийинчерээк толукталып, 1995-жылдын март айында экинчи жолу кайрадан жарык көргөн.

Профессор Лаң Йиң «Манас» эпосунун эстетикалык табиятына терең илимий талдоо жүргүзүү менен, чыгарманын трагедиялык мүнөзүн жана анын коомдук аң-сезимдеги ордун жаңы деңгээлге көтөрдү. Ошондой эле «Манастын» чыгыш жана батыш элдеринин баатырдык дастандары менен бир катарда тура алган маанилүү өзгөчөлүктөрүн илимий негизде далилдеп берди. Илимпоз эпосту изилдөөдөгү кургак техникалык идеялардан, доордун фонунан же каармандарды жөнөкөй тизмектөөдөн сырткары чыгып, анын эстетикалык өзгөчөлүктөрүн

иликтөөгө басым жасады. Муну менен ал оозеки формадагы жандуу эпостун сакталуу, өнүгүү жана улануу мыйзам ченемдүүлүктөрүнө эстетикалык өңүттөн жаңыча баа бере алды [3].

Окумуштуулар чөйрөсү белгилүү изилдөөчү, профессор Карл Райхлга манастаануу илимине кошкон зор салымы үчүн өзгөчө урмат-сый менен мамиле кылышат. Анын илимий жолуна назар салсак, Карл Райхл дагы Мүнхен университетинде билим алып жаткан студенттик мезгилинде эле Вильгельм Радлов тарабынан кагазга түшүрүлгөн «Манас» эпосунун алгачкы тексти менен таанышууга үлгүргөн. Бул жагдай анын жаш кезинен эле кыргыз таануу жана манастаануу багытына терең кызыгып калганынан кабар берет.

Белгилей кетчү нерсе, 1985-жылы ал Кытай менен Германиянын маданий жана илимий байланыш программасынын алкагында Кытайдын Шинжаң аймагына биринчи жолу илимий иш сапары менен барат. Дал ошол жылы ал Кытайдагы түрк тилдүү элдердин фольклордук жомокторун өз котормосунда өзүнчө бир томдук кылып жарыкка чыгарат. Бул жыйнактын курамына кыргыз эл жомоктору да киргизилген. Эң негизгиси, ушул эле 1985-жылы Карл Райхл кытайлык кыргыздардын залкар манасчысы, Кыргыз Республикасынын Баатыры Жусуп Мамай (1918–2014) менен алгачкы ирет кездешкен.

XXI кылымдын башында Шинжаңдагы «Манас» изилдөө борборунун жана башка бир катар илимий мекемелердин сунушу менен профессор Карл Райхлга кайрылуу болуп, андан залкар манасчы Жусуп Мамайдын вариантындагы «Манас» дастанын кыргыз тилинен англис жана немис тилдерине оодаруу өтүнүчү келтирилген. Бул маалыматты аталган борбордун жетекчиси, профессор Мамбеттурду Мамбетакун да тастыктайт. Бул зор милдетти колго алган Карл Райхл эпостун Жусуп Мамай айткан вариантынан тандалган үзүндүлөрдү англис жана немис тилдерине которуп, мезгил-мезгили менен жарыялап келе жатат. Бул багытта кыргыз жана немис тилдеринде бир том (2014) жана кыргыз-англис тилдеринде эки томдук (2014, 2015) илимий чөйрөгө сунушталды.

Профессор Райхл Кыргызстанга да бир нече ирет расмий сапар менен келген. Алсак, 1995-жылы «Манас» эпосунун шарттуу 1000 жылдык улуу маарекесине катышуу үчүн Германиянын расмий делегациясынын курамында өлкөбүзгө келип, салтанаттуу иш-чараларга күбө болгон. Ал эми 1999-жылы Бишкекте ЮНЕСКОнун колдоосу астында өткөн «Борбордук Азиядагы тынчтык жана дин» аттуу эл аралык конференцияга катышкан. Ошол эле жылы Карл Райхл Бишкек шаарында уюштурулган «Дүйнө элдеринин эпостору» эл аралык ассоциациясынын түптөлүшүнө салым кошуу үчүн дагы бир ирет келет. Бул эл аралык уюмдун жетекчилигине Бексултан Жакиев шайланып, К. Райхл анын вице-президенттеринин бири катары бекитилген. Бүгүнкү күндө профессор Карл Райхл дүйнөнүн ар кыл басылмаларында 200дөн ашуун илимий эмгектерин басып чыгарды. Мунун ичинде анын «Манас» дастанына арналган баалуу макалалары Кыргызстандын да илимий топтомдорунда үзгүлтүксүз жарык көрүп келет [6].

Жыйынтыктап айтканда, «Манас» эпосунун изилдөө жана пропагандалоо процесси токтоп калган тарых эмес, тескерисинче, муундан-муунга, өлкөдөн-өлкөгө өтүп, жаңы илимий ачылыштар менен байып жаткан жандуу процесс. Ар кыл өлкөлөрдүн илимпоздору калыптандырган кубаттуу изилдөөчүлөр мектеби улуу эпостун келечекте да адамзаттын руханий казынасы катары кызмат кыла беришине жана «Кыргызтаануу» илиминин жаңы барактарын ачууга кепил боло алат.

***Адабияттар:***

1. «Манас» энциклопедиясы. Т. I: Аалам – Манастын музыкасы / Башкы ред. А. Карыпкулов. – Бишкек: Кыргыз энциклопедиясынын Башкы редакциясы, 1995. – 22-б.
2. Акматалиев А. «Манас» үчилтиги боюнча классикалык изилдөөлөр / А. Акматалиев, Н. Нарынбаева. – Бишкек, 2017. – 320 б.
3. Жуматурду А. «Манас» деп ураан чакырып / А. Жуматурду. – Бишкек: Зээн басмасы, 2013. – 229-б.
4. Извлечение из «Маджму ат-таварих» / Пер., введение и комментарии В. А. Ромадина. – Ленинград: АН СССР, 1963. – С. 4.
5. Орхон-Энесай жазма эстеликтери жана кыргыз адабияты // [Электрондук булак] / - Кирүү тартиби: https://tyup.net
6. Чоротегин Т. К. Карл Райхл: Германиялык чыгаан манастаануучу жана эпос изилдөөчү / Т. К. Чоротегин // Азаттык үналгысы. – 2017. – 16-май. [Электрондук булак] / - Кирүү тартиби: https://www.azattyk.org/a/german_manas_researcher_karl_reichl_by_tch_ky/28493067.html
7. Чоротегин Т. К. Мухаммед Ху Чжэнхуа агайдын ысык наны / Т. К. Чоротегин // Азаттык үналгысы. – 2015. – 23-декабрь. [Электрондук булак] / - Кирүү тартиби: https://www.azattyk.org/a/muhammed_hu_zhenhua_85th_anniv_blog/27477902.html.